**Декабрь айында план боюнча төмөндөгү иштер жүргүзүлдү:** 1-декабрь “ЖИКС эпидемиясынын жана анын социалдык-экономикалык залалдарын алдын алуу” күнүнө карата акция өткөрүлүп, бул иш-чарага карата “ЖИКС эпидемиясы кайсы жолдор менен жугат” жана “ Кыргызстан без СПИДа” деген темаларда класс жетекчилер тарбия саат өтүштү.

Мектеп дарыгери Турдумамбетова Г.Т Сасык тумоо, сарык эпидемиясы боюнча окуучуларга онлайн лекция окуду .

19 декабрда соц.педагог Артыкбек кызы Бегайым,психолог Ысырайылова Г.Ж “Жашоонун сергек мүнөзү” деген темада окуучулар арасында анкетирлөө жүргүздү жана бул анкетирлөөнүн жыйынтыгында окуучулар тамеки тартууга, баңги заттарды колдонууга жана ичимдиктерди ичүүгө каршы экендиги далилденди

4-декабрь “Манас”кунун белглилөөдө мектеп ичинде онлайн конкурс уюштурулуп Нурбекова Д, Анарбеков Узарбек, Жакыпекова А. алдыга чыгышты 4-декабрь “Манас” эпосунун күнүн белгилөөгө карата Бишкек шаарынын жалпы билим берүү уюмдарынын арасында өткөрүлгөн “Жаш манасчы” сынагында Нурбекова Диана 1-орун алды.20-декабрда 30 күндүк”Манас” айтуунун жыйынтыгында республикалык жаш манасчылардын кароо- сынагы болуп кыздар арасында Нурбекова Диана баш байгеге ээ болду. Анарбеков Узарбек жигердүү катышуучу болуп диплом алды

“Айтматов менен кездешүү” жыл сайын өткөрүлүүчү иштердин планы бекитилип, Айтматовдун 92 жылдыгына карата конкурстар, класстык сааттар онлайн форматта уюштурулду.

1-7 класстар Айтматовдун чыгармаларына сүрөттөр конкурсу уюштурулуп конкурстта 4а-кл окуучусу Зряжевская В , 5б-кл окуучусу Джаныбекова С жеңүүчүлөр болушту. Көркөм окуу ,монолог айтуу конкурста 10б-кл окуучусу Бактыбек кызы Н, 5б-кл окуучусу Нурбекова Д

Класс жетекчилер Махмутханова М.А “Мат-олень”,Жеенбекова Э.А ”Ааламга жол айылдан башталат”,Кадырова М.О “Ч.Айтматов 92-жашта” темаларда онлайн эн жакшы кл.сааттарды өтүштү

9-11класстын окуучуларынын арасында Казыбай к А,Ташматова С, Жакыпекова А, Советова А эң жакшы видео слайд жасашты

9-декабрь коррупция менен күрөшүү эл аралык күнүнө карата мектеп планынын негизинде онлайн иш-чаралар өткөрүлдү.

Соц педагог Артыкбек кызы Бегайым менен Социалдык жактан коргоого муктаж окуучулардын тизмеси такталып Ага хан фондунан окуу куралдары жана сумка менен камсыздандырылды.Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан даярдалган белектерди алышты

6 -декабрга чейин класс жетекчилер " Тайгак жолдон сак бол" деген темада онлайн класстык сааттарды өткөрүштү жана бул сабак үчүн даярдалган материалдарды төмөнкү мугалимдер өткөрүп беришти:

1) Саматова Б.О. -1 Б, 2 Б класстын класс жетекчиси;
2) Кадырова М.О.- 3 Б класстын класс жетекчиси;
3) Акунова Ж.А.- 1 А класстын класс жетекчиси;
4) Махмутханова М.А – 3 А класстын класс жетекчиси;
5) Борисова М.А.- 2 А, 4 А класстын класс жетекчиси;

Бул класс жетекчилердин ичинен өзгөчө Саматова Б.О. сабагы жогорку деңгээлде өттү, анткени ал окуучулардын кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнө жана жаш өзгөчөлүктөрүнө карай материалдарды туура тандап алган.

Жаңы жыл : 1-4кл сүрөттөр,5-6-7кл Көркөм окуу ,обондуу ырлар , 8-9кл дил баяндар, 10-11кл видео слайддар куттуктоолор онлайн өткөрүлүп,жеңүүчүлөр аныкталды.

**Январь айында план боюнча төмөндөгү иштер жүргүзүлдү:**

II- жарым жылдыктын башталышы менен мектептин социалдык педагогу Артыкбек кызы Бегайым социалдык жактан коргоого муктаж балдарга психолог менен биргеликте тизмеге толуктоолорду киргизишти . Бул иш – чара анкетирлөө, аңгемелешүү формасында жүргүзүлүп, окуучулардын көйгөйлөрүн чечүүгө аракет кылынды. ТИ б/ча директордун орун басары Кулкөбөнова К.Б, соцпедагог Артыкбек кызы Бегайым менен биргеликте өспүрүмдөрдүн иштери боюнча инспектордун жана "Тобокел" тобунун каттоосунда турган окуучулардын тизмесин такташты жана ай ичинде бул окуучулар менен жекече иш алып барышты. Бул окуучулардын жүрүм-турумун, сабакка жана коомдук иштерге катышуусун өзгөчө көзөмөлгө алынды

Класс жетекчилер жана сүрөт мугалими Мурзалиева И.М биргеликте "Өрт менен ойнобо" деген темада сүрөттөр (1-5 кл),дубал газеталар (6-7кл)сынактарын жана класстык сааттарды өткөрүштү.Жеңүүчүлөр аныкталып сыйлыктар менен сыйланышты .

Жашоонун сергек мүнөзүн калыптандыруу жана окуучулардын ден- соолуктарына көңүл буруу максатында январь айында класс жетекчилер "Тазалык – өмүрдүн булагы", "Окуучулардын өздүк гигиенасы" деген темаларда класстык сааттарды өткөрүштү.

ТИ б/ча директордун орун басары Кулкөбөнова К.Б"1-жарым жылдыктын жыйынтыгы",Тарбия иштери боюнча уюштурулган класс жетекчилердин порфолиосун текшерүү жана документацияларды эстетикалык абалга келтирүү боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

22 январда курамы 5 адамдан турган топ: ТИ б/ча директордун орун басары

Кулкөбөнова.К.Б, соцпедагог Артыкбек кызы Бегайым, кл.тышкаркы иштер б/ча уюштуруучу Батыркул кызы Клара , мектеп парламентинин мүчөлөрү Бактыбек кызы Нурайым жана Рустамбек уулу Умар БЧК дан Тоголок Молдо көчөсүнө чейин жана Логвиненко, Ленинградский, Донской көчөлорүндө "Камкордук" рейдин жүргүзүштү. Рейд учурунда окуучулар катталган жок.

**Февраль айында план боюнча төмөндөгү иштер жүргүзүлдү:**

Февраль айынын башталышы менен 23- февраль Ата Мекенди коргоочулар күнүнө карата "Аскердик- патриоттуулукка тарбиялоо" айлыгы өткөрүлүп, буга карата мектепте төмөндөгү иштер жүргүзүлдү:

11- февралдан 22 -февралга чейин 1-5 класстар арасында "Мекеним мен үчүн ыйык" деген темада сүрөттөр конкурсу өткөрүлүп, бул конкурска катышкан окуучулар:Жумабекова. Л (5 Б кл.), Жанышбекова А (5 Б кл.), Ишенов А(5 Б кл.),Абдыкериова Алтынай (5 А кл.), Салтыкова К(6 А кл.) сүрөттөрү эң жакшы тартылган деп бааланып, "Балдардын дүйнөсү" аттуу тактага илинди. Мындан сырткары 6-7-10- класстын окуучулары "Ата мекенди коргоо- ыйык милдет" деген темада видео слайд жасашты .

23 февраль Ата Мекенди коргоочулардын күнүнө карата класс жетекчилер тематикалык класстык сааттарды өткөрүшүп, Ата Мекенди коргоо ыйык милдет экендигин түшүндүрүштү.

Мектептин соц. педагогу Артыкбек кызы Бегимай бүтүрүүчү класстардын окуучулары менен жолугушуп, окуучулардын таанып билүү жана кесип тандоо кызыкчылыгынын изилдөө боюнча иш алып барды.

1 февралдан 9 февралга чейин мектепте "Биздин балдар – укук бузуучулукка каршы" деген темада декада өткөрүлдү жана буга карата төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлдү.

Мектепте "Биздин балдар – укук бузуучулукка каршы" деген темада дубал газеталар даярдалды, бул дубал газеталар "Балдардын укуктарын коргоо" жана "Окуучулар арасында укук бузуучулукту алдын алуу" деген темалардагы маалыматтарды камтыды. Мектептин соц.педагогу Артыкбек кызы Бегимай класс жетекчилер менен биргеликте "Тобокел" тобунун каттоосунда турган окуучулардын тизмесин тактады.

3-5 класстардын окуучулары арасында "Мектеп – ынтымактуу үй-бүлө" деген темаларда сүрөттөр сынагы өткөрүлдү. Көптогон окуучулар өзүлөрүнүн сүрөттөрүн тартышып, бул сынакка активдүү катышышты. Ал эми онлайн окуган 6-7-8-10- класстын окуучулары арасында "Окуучулардын укуктары жана милдеттери", "Менин тандоом" жана " Балдар укук бузуучулукка каршы" деген темаларда видео слайд жазашты.

19 февралда укук бузуучулукту алдын алуу максатында мектептин айланасында, Логвиненко, Донской, Ленинградский көчөлөрүндө жана БЧК нын жээгинде "Өспүрүм" рейди жүргүзүлдү. Рейд учурунда укук бузуучулук катталган жок.

Күн сайын саат 8:45 жана 13:20 до окуучулардын температурасы ченелип жана өздүк гигиенасы текшерилип маалымат берилип жатты .

**Март айында план боюнча төмөндөгү иштер жүргүзүлдү:**

Мектептин психологу Ысыраилова Г.Ж ар кандай кырдаалдарга кабылган окуучуларга психологиялык жардам корсөтүү максатында социалдык жактан

жардамга муктаж окуучулар менен аңгемелешүү жүргүздү.
8- март " Эл аралык аялдар күнүнө" карата мектепте төмөндөгү иштер аткарылды:
7 -мартта чейин 1-4 класстын окуучулары арасында "Менин апам эң сулуу" деген темада сүрөттөр конкурсу өткөрүлдү. Бул конкурсттун жыйынтыгында 3А класстын окуучусу Пивоварова М, 3Б-классынын окуучусу Умөталиев Б сүрөттөрү жогорку баага татыды. 9-11класстын окуучулары бул майрамга карата дубал газеталарды даярдашты.
Мектептеги окуучулардын тартибин, сабакка катышуусун көзөмөлдөө, укук бузуучулукту алдын алуу максатында 12 мартта "Допинг" рейди жүргүзүлдү. Рейд БЧКнын жээгинде, Логвиненко, Донской, Тоголок Молдо көчөлөрүндө жүргүзүлдү. Рейдке ТИ б/ча директордун орун басары Апасова Г.О.; соц педагогАртыкбек кызы Бегайым жана аскерге чейинки даярдоо мугалими Досумбаев И.Т жана 11 Б класстын окуучусу Жолматов Э катышышты. Рейд учурунда укук бузуучулук катталган жок.
Кыргыз элинин жаңы жылы болуп саналган "Нooруз" майрамын мектепте 19-мартта өткөрдүк. Бул майрамга ар бир класстан таланттуу окуучуларды тандап алып, чакан концерт уюштурдук. Бул майрамда кыргыз элинин улуттук бийи бийленип, окуучулар көркөм ырларын ,акыйнек,манас айтышты . Концерттин аягында Умай эне менен Теңир ата өзүлөрүнүн каалоолорун айтышты.
Пландан сырткары 11- марттан 16- мартка чейин "Кургак учук оорусун алдын алалы" деген темада акция өткөрүлдү. Бул акцияга карата "Ден соолук бурчу" жаңыланды жана ар бир класстын класс жетекчилери класстык сааттарды өткөрүштү.
Күн сайын саат 8:45 жана 13:20 до окуучулардын температурасы ченелип жана өздүк гигиенасы текшерилип маалымат берилип жатты.

**Апрель айында план боюнча төмөндөгү иштер жүргүзүлдү:**

Бүтүрүүчү класстын окуучуларына келечекте туура кесип тандоого жардам берүү максатында лицейлерге, колледждерге жана жогорку окуу жайларына экскурсия уюштурулуп, кээ бир окуу жайларынын адистери лекцияларды окушуп, окуучулар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Мисалга айтканда, Кыргызстандагы экономикалык университетинин экономика жана тейлөө колледжинен, И.Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык университетинен, М. Рыскулбеков атындагы кыргыз экономикалык университетттин экономика жана тейлөө колледжинен адистер мектепке келишип, лекцияларды окушту.
1-апрелде мектеп парламентинин жардамы менен "Күлкү күнүнө" карата онлайн видео тамашаларды окуучулар жасашты . Апрель айында өткөрүлгөн экологиялык айлыкка жана жашылдандыруу иштерине мектеп окуучулары жана мугалимдери активдүү катышышты.
Ысырайылова Г.Ж "Окуучулардын психологиялык жана физиологиялык өнүгүшү" деген темада 1-4 класстын окуучуларына психологиялык кызмат көрсөттү. Укук бузуучулукту алдын алуу максатында 19-апрелде "Өспүрүм" рейди жүргүзүлдү. Рейд мектептин айланасында, Логвиненко, Панфилов, донской жана Ленинградский көчөлөрүндө жүргүзүлдү. Рейдке ТИ б/ча директордун орун басары Кулкөбөнова К.Б ; соц педагог Артыкбек кызы Бегимай ; өспүрүмдөрдүн иштери боюнча инспектор Эсенбекова Г.Ж. катышышты . Рейд учурунда укук бузуучулук катталган жок.

Күн сайын саат 8:45 жана 13:20 до окуучулардын температурасы ченелип жана өздүк гигиенасы текшерилип маалымат берилип жатты жана жүрүш-турушу начар балдар менен администрация жана дежур мугалим сүйлөшүүлөрдү жүргүзүштү. Ишемби күндөрү мугалимдер өзүлөрүнө бөлүнгөн жерлерди тазалашып, тазалоо иштерине активдүү катышышты.

**Май айында план боюнча төмөндөгү иштер жүргүзүлдү:**

Окуучуларга Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө кененирээк маалымат берүү максатында мектепте “9 – май- Жеңиш күнү” деген темада стенд даярдалды. Стендке Согуш балдардын көзү менен деген темада сүрөттөр жана учкул сөздөр илинди. Класс жетекчилер “Аталардын эрдиги менен сыймыктанабыз”, “Улуу Жеңиштин 68 жылдыгы” жана “День Победы” деген темаларда класстык сааттарды өткөрүштү. Бул класстык сааттардын ичинен өзгөчө 4А класстын класс жетекчиси Борисова Марина Андреевнанын сабагы жогорку деңгээлде өттү. Анткени ал окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жана кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнө карата кызыктуу материалдарды жана көргөзмө куралдарды тандап алган. 3- майда мектепте Конституция күнү белгиленди.

Психолог Ысырайылова Гүлзада Жумабековна “Окуучулардын эске тутуусун, көңүл буруусун жана ой жүгүртүүсүн изилдөө” деген темада 1 класстын окуучуларына психологиялык кызмат көрсөттү. Мында ал 1-класстын баардык окуучуларынын ой жүгүртүүсү, көңүл буруусу жана эске тутуусу жетишээрлик деңгээлде жакшы өнүккөнүн аныктады. 21 майда класс жетекчилер 2020-2021-окуу жылында тарбия иштери боюнча жүргүзгөн иштери жөнүндө отчет беришти. 14 майда ЧЧКнын жээгинен Тоголок Молдо көчөсүнө чейин жана Васильева, Донской, Ленинградский көчөлөрүндө “Өспүрүм” рейди жүргүзүлдү. Рейдке ТИ б/ча директордун орун басары Кулкобөнова К.Б., жашы жете электердин иштери б/ча инспектор Эсенбекова Гулбарчын Кубанычбековна катышышты. Рейд учурунда укук бузуучулук катталган жок.

25 майда бүтүрүүчүлөргө класс жетекчилер класстык саат өткөрүштү.

Күн сайын саат 8:45 жана 13:20 до окуучулардын температурасы ченелип жана өздүк гигиенасы текшерилип маалымат берилип жатты жана жүрүш-турушу начар балдар менен администрация жана дежур мугалим сүйлөшүүлөрдү жүргүзүштү. Ишемби күндөрү мугалимдер өзүлөрүнө бөлүнгөн жерлерди тазалашып, тазалоо иштерине активдүү катышышты.

## 2020-2021 окуу жылына карата мектеп парламентинин жүргүзгөн иштери боюнча отчет

2020-2021- окуу жылында мектеп парламенти тарабынан жүргүзүүлүчү иш чаралардын натыйжалуулугун күчөтүү максатында алдыбызга бир нече тарбия берүүчүлүк маселелерди койгонбуз . Тактап айтканда, окуучуларга интелектуалдык, нравалык, эстетикалык, эстетикалык, санитардык –гигеналык жана экологиялык тарбия берүүнү мектеп парламентинин мүчөлөрүнүн жардамы менен билим берүү негизги максаттардын катарына кирген . Бул планды ишке ашыруу максаттында : өлкөдөгү кырдаалга байланыштуу 1-сентябрда 1-класстын окуучулары Билим күнүнө карата аралыкты сакташып, класстык саттар өтүлдү. 2-11 класстын окуучулары класстык саатарды онлайн форматта өтүштү.

8-сентябрда мектептин жигердүү окуучулары менен жолугушуу өткөрүлүп, сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында мектеп парламентинин президентине талапкер Бктыбек кызы Нурайым талапкерлигин койгон. Мектеп парламентинин президенти болуп Бактыбек кызы шайланды. 23 –сентябрда мамлекеттик тил күнүн 31 жылдыгына карата мектептин кыргыз тилинин мугалимдери тарабынан уюштурулган иш-чаралар өткөрүлдү. Мамлекеттик тил күнүн 30 жылдыгына карата өткөрүлгөн иш чарада: кыргыз бийи флешмобу, мамлекеттик тил жөнүндө маалымат, сүрөт, көркөм окуу болду. 25-сентябрда мектеп парламентинин президенти жана мектептин келечегине кайдыгер карабаган окуучулардан, мектеп парламентинин башчыларын жана мүчөлөрүн шайлап алынды :

Мектеп парламентинин президенти : Батыбек кызы Нурайым 10 Б
Премьер министр : Рустамбек уулу Умар 9 Б –класс
Билим беруу министри : сыдыкова Нигина 10 А-класс
Спорт министри : Бактыбек уулу Азирет 11 Б класс
Маданият министри : Ташматова Сафина 11 Б класс
Басма сөз сектору : Айтпаева Айпери 10 А класс

6-25-сентиябрь аралыганда мектеп парламентинин мүчөлөрү менен жекече сүйлөшүлөр жүргүзүлүп ,ар бир парламентин мүчөсүнүн иштери туралуу ангемелешүү жана түшүндүрмө иштери жүргүзүлдү . Андан тышкары 2020-2021-окуу жылына карата мектеп парламентти менен биргеликте откорулүүчү иш чараларды кандай түрдө өткөрүлөрүү жөнүндө сүйлөшүүлөр жүрдү.

8, 24-сентябрда өзун –өзу башкаруу уюму «Мектеп парламентин» курамындагы окуучулар жана ар бир класстын старсталары, жигердүү окучуларынын жыйны онлайн түрдө болуп өттү. Мында мектепте уюштурулуучу ар кандай иш чаралардын программасы, уюштурулушу, даярдануулары жана башка маселелер талкууланды.

1-октябрда Бүткүл дүйнөлүк жылмайуу күнүнө карата мектеп парламентинин курамындагы окуучулар ар бир окуучуга жылмайуу тартулоо ирээтинде онлайн форматта иш чара өткөрүштү.

4-октябрда – Мугалимдер күнүнө карата мектеп парламентинин курамына кирген окуучулар эже –агайларды онлайн куттуктаашты .

4, 16, 30- октябрда өзүн-өзү башкаруу уюму «Мектеп парламентинин» курамындагы окуучулар жана ар бир класстын старосталары, жигердүү окуучуларынын жыйыны болуп өттү. Мында мектепте уюштурулушу, даярдануулары жана башка маселелер талкууланды.

25-сентябрь онлайн форматта «Алтын күз» деген темада 1-4-класстар арасында сүрөт тартуу конкурсу өткөрүлдү.

1-ноябрда «Алтын күз» темасында 5-8-класстар арасында көркөм окуу, дил баян ал эми 9-11 класстар арасында слайд- презентация конкурсу болуп өттү.

21-ноябрда Бүткүл дүйнөлүк «Саламдашуу» күнүнө карата мектеп парламентинин курамындагы окуучулар онлайн форматта уюштурган иш чара болуп өттү.

10,-24-ноябрда өзүн-өзү башкаруу уюму «Мектеп парламентинин» курамындагы окуучулар жана ар бир класстын старосталары, жигердүү окуучуларынын жыйыны болуп өттү. Мында мектепте уюштуруулучу ар кандай иш чаралардын программасы , уюштурулушу, даярдануулары ж.б маселелери талкууланды.

2-декабрда жогорку класстын окуучуларына мектеп парламенти ВИЧ СПИД боюнча зуум аркылуудоклат окуду.

12-декабрь залкар жазуучу Ч.Т.Айтматовдун туулган күнүнө карата кыргыз тили жана адабияты мугалимдери тарабынан иш чара өткөрүлдү.

Декабрдын аягы мугалимдердин видео куттуктоосу аркылуу окуучуларга жана ата-энелерге «Жаңы Жылдык» майрамдык маанай тартууланды.

Мындан сырткары мектеп парламентинин президенти Бактыбек кызы Нурайым жана «Мектеп парламентин» курамындагы окуучулар жана ар бир класстын старосталары, жигердүү окучуларынын жыйыны онлайн түрдө болуп өттү. Мында мектепте уюштурулуучу ар кандай иш чаралардын программасы, уюштурулушу, даярдануулары жана башка маселелер талкууланды.

Январь айында курамы 5 адамдан турган топ: ТИ б/ча директордун орун басары Кулкөбөнова.К.Б, соцпедагог Артыкбек кызы Бегайым, кл.тышкаркы иштер б/ча уюштуруучу Батыркул кызы Клара , мектеп парламентинин мүчөлөрү Бактыбек кызы Нурайым жана Рустамбек уулу Умар БЧК дан Тоголок Молдо көчөсүнө чейин жана Логвиненко, Ленинградский, Донской көчөлөрүндө “Камкордук” рейдин жүргүзүштү. Рейд учурунда окуучулар катталган жок.

Февраль айында 23- февраль Ата Мекенди коргоочулар күнүнө карата мектепте төмөндөгү иштер жүргүзүлдү: 11- февралдан 22 -февралга чейин 1-5 класстар арасында “Мекеним мен үчүн ыйык” деген темада сүрөттөр конкурсу өткөрүлүп, бул конкурска катышкан окуучулар:Жумабекова. Л (5 Б кл.), Жанышбекова А (5 Б кл.), Ишенов А(5 Б кл.),Абдыкериова Алтынай (5 А кл.), Салтыкова К(6 А кл.) сүрөттөрү эң жакшы тартылган деп бааланып, “Балдардын дүйнөсү” аттуу тактага илинди. Мындан сырткары 6-7-10- класстын окуучулары “Ата мекенди коргоо- ыйык милдет” деген темада видео слайд жасашты .

Март айында “Желек”, “Ак калпак” күнүнө карата план түзүлүп, пландын негизинде төмөндөгүдөй иштер аткарылды: анда слайд аркылуу кененирээк маалымат берилди, андан со□ флешмоб, улуттук бийлер жана корком ырлар камтылды. Кыргыз элинин жаңы жылы болуп саналган “Нооруз” майрамын мектепте 19- мартта өткөрүлдү. Бул майрамга ар бир класстан таланттуу окуучуларды тандалып алынып, чакан концерт уюштурулду. Иш чарада кыргыз элинин улуттук бийи бийленип,

окуучулар көркөм ыр, акыйнек, манас айтышты, обондуу ырлар ырдалып, улуттук оюндар көргөзүдү.

1-апрелде мектеп парламенти "Күлкү күнүнө" карата онлайн видео тамашаларды окуучуларга тартуулашты.

"9-май Улуу Жеңиш Майрамына карата окуучуларга Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө кененирээк маалымат берүү максатында Онлайн видео презентация жасалды. Ветерандарга видео куттуктоо тартууланды.

25 майда бүтүрүүчүлөргө класс жетекчилер класстык саат өткөрүштү.

Күн сайын саат 8:45 жана 13:20 до окуучулардын температурасы ченелип жана өздүк гигиенасы текшерилип маалымат берилип жатты жана жүрүш-турушу начар балдар менен администрация жана дежур мугалим сүйлөшүүлөрдү жүргүзүштү.

Ишемби күндөрү мугалимдер өзүлөрүнө бөлүнгөн жерлерди тазалашып, тазалоо иштерине активдүү катышышты

## 2020-2021-окуу жылындагы китепканасынын анализи

2020-2021-окуу жылында мектеп китепканасы мектеп администрациясы тарабынан бекитилген пландын негизинде иш алып барды.

Мектеп китепканасынын 2020-2021-окуу жылындагы максаты:

Мектеп педагогикалык жамааты менен бирге, өсүп келе жаткан келечек муундарга китепкана – адамзат коомуна эзелтеден элибиздин нукура рухий нарк дөөлөттөрүн, ата-бабабыздын тарыхын, маданий мкрастарын кылымдардан кылымдарга сактап келген акыл ойдун азыгы, билимдин казынасы экендигин жайылтуу.

Окуучулардын китеп окуу маданиятын жана кооздук сезимин жогорулатуу.

Мектеп китепканасынын 2020-2021-окуу жылындагы меселелери:

Китепкананын колдонуучуларына китепкананын ресурстарын пайдаланууга болгон мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу.

Балдардын эмгектенүү жана чыгармачылк жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү.

Оң жүрүм-турум эрежелерине жана социалдык баалуулуктарга үйрөтүү.

Окуучулардын китеп окууга болгон кызыгуусун арттыруу менен бирге китепке аяр мамиле жасоону түшүндүрүп жеткиртүү.

Китепкананын ички тейлөөсү боюнча:

Окуу жылынын башында окуучулар окуу китептери менен 92% камсыз болушту.

Китептин бөлүнүшү окуу тилине карат төмөндөгүдөй болду:

| Класс | Кыргыз тилинде окуган класстагы окуучулардын саны | Жалпы алынган китептин саны | Кыргыз адабият | Китеп менен камсыз болуунун пайызы |
|---|---|---|---|---|
| 1б | 27 | 135 | 20 | 82,4 |
| 2б | 22 | 184 | 34 | 87,16 |
| 3б | 23 | 184 | 21 | 73,89 |
| 4б | 27 | 242 | 38 | 70 |
| 5б | 23 | 336 | 35 | 71 |
| 6б | 28 | 459 | 27 | 94 |
| 7б | 28 | 322 | 25 | 84 |
| 8б | 18 | 253 | 32 | 57 |
| 9б | 30 | 433 | 26 | 86 |
| 10б | 18 | 292 | 15 | 69 |
| 11б | 20 | 233 | 23 | 78 |
| жалпы | 264 | 3073 | 243 | |

| Класс | Орус тилинде окуган класстагы окуучулардын саны | Жалпы алынган китептин саны | Кыргыз адабият | Китеп менен камсыз болуунун пайызы |
|---|---|---|---|---|
| 1а | 30 | 124 | | 88 |
| 2а | 38 | 101 | | 89 |
| 3а | 33 | 144 | | 84 |
| 4а | 33 | 90 | | 88 |
| 5а | 23 | 283 | 23 | 83 |
| 6а | 28 | 347 | 13 | 94 |
| 7а | 28 | 250 | 20 | 96 |
| 8а | 31 | 272 | 22 | 85 |
| 9а | 25 | 247 | 23 | 86 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 10а | 23 | 265 | 20 | 83 |
| жалпы | 292 | 2123 | 121 | |

Окуу жылы ичинде китеп фонду менен иш алып барылды. Китеп фонду китепкананын суроо талаптры боюнча жайгаштырылды. Суммардык жана инвентардык тактоо китебине фондго келип түшкөн жаңы китептер такталып турду.

Китепканын өткөрүлгөн иш-чаралары боюнча:

Окуу жылынын башында окучуларга окуу китептерин таркатып берүү .

Сентябрь айында тил майрамына карат китептер көргөмөсү китепканага коюлду. “Эне тилим эне сүтүм” деген темада көргөзмө коюлду.

Октябрь айында китепкана “Тил жана маданият” гезитине жазылды.

Ноябрь айында Форма Д10 китеп фонду боюнча китептер толугу менен такталып китептердин башкаруу бөлүмүнө отчет берилиди.

Декабрь айында Ч.Айтматовдун туулган китепканада көргөзмө бурчу уюштурулду.

Январь айында “Мендеги жакшы нерселердин баары китептин жардамы менен” деген темада китепканада бурч уюштурулду.

Окуу жылы ичинде ай сайын өспүрумдөрдүн китепке аяр мамиле жасап, өзүнөн кийинки муундарга таза сактап берүүсүн калыптандыруу максатында “Жашасын китептер” деген темада рейд өткөрүлүп турду.

Февраль айында жазуучу Т.Касымбековдун 90 жылдыгына карата китепканага бурч уюштурулду. Жазуучу К.Карасаевдин 120 жылдыгына бурч уюштурулду. “Эрдик кылымдарда сакталат” деген темада бурч уюштурулду.

Март айында “Эне тилим жан адүйнөэлинин темада бурчч уюштурулду.

Апрель айында Эл аралык китеп күнүнө арналган жана авторлордун укугун коргоо максатында китеп көргөзмөсү коюлду.

“Үй-бүлөбүз менен бирге китеп окуйбуз” деген темада 1-4-класстар арасында китепканада окуучулар менен иш чара өткөрүлдү.

Май айында “Эч ким эч качан унутулбайт” деген темада Жеңиш күнүнө карата китепканага бурч уюштурулду.

Жыйынтыгы:

Мектеп китепканасы окурмандарга окуу китептерин, маалыматтарды суроо талабы боюнча өз убагында жеткирилип турду. Окуучулар жана мугалимдер менен китепкананын байланышы кеңейтилди. Жыл аягында китептер ктепканачы тарабынан текшерилип, такталып, жыйналып алынды.

**5. Насаатчы мугалимдин жаш адис менен иш алып баруусу:**

2020-2021-окуу жылынын башталышы менен №35 жалпы орто билим беруу мектебинде мектепке жаңы кабыл алынган жаш адистерге практикалык жана теориялык жардам берүү максатында билим берүү тармагында көп жылдык тажрыйбасы бар мугалимдерди насаатчылыкка көрсөтүү боюнча мектеп администрациясынын жана пед.коллективдик жардамы менен отурум өткөрүлдү. Бул отурумда эң негизгиси жаш адис менен иштөөдөгү мектептин максаттары, милдеттери жана күтүлүүчү натыйжалары каралып чыгып , талкууга алынды жана мектеп директорунун буйругу менен жаш адистерге насаатчы мугалимдер дайындалды.

**Жаш адис менен иштөөдөгү мектептин максаты**:Жаш адиске өзүнүн практикалык жана теориялык билимин күнүмдүк сабагында колдоно алууга жана педагогикалык чеберчилигин өнүктүрүүгө жардам берүү;

**Жаш адис менен иштөөдөгү алдыга койгон милдеттерибиз:**

1. Жаш мугалимди өзүн-өзү үзгүлтүксүз өнүктүрүүгө багыттоо жана окуучуларга билим жана тарбия берүүдө жаңы ыкмаларды тандап алуу менен аны практика жүзүндө колдонушуна көмөк көрсөтүү;
2. Өзүнүн буга чейинки топтогон билиминин жана билгичтигинин негизинде окуу-тарбия процессине чыгармачылык менен мамиле жасоосуна жардам берүү;
3. Билиминин жетишсиздигин толуктоо, профессионалдык көндүмдөрдү калыптандыруу жана кесиптик милдеттеринин так аткарылышына көзөмөл жүргүзүү;
4. Ар бир жаш мугалимге окуу-тарбия процессинде өзүнүн өздүк стилин тандап алууга жардам берүү

**Жаш адис менен иштөөдөгү күтүлүүчү жыйынтыктар:**

1. Өзүн-өзү өнүктүрүү аркылуу окуу процессин (сабактын структурасын) туура пландоого жетишүү;
2. Жаш адистин профессионалдык мугалим болуп калыптанышы;
3. Жаш мугалимдин методикалык жана интеллектуалдык маданиятын өстүрүү;
4. Окуучулардын билимин туура козомолдоо жана баалай алышы;
5. Окуучуларга тарбия берүү системасын туура түзүү жана ар бир окуучу менен жекече иш алып баруу аркылуу класс менен иштөөгө көнүү;

**Мындан сырткары бул жаш адистер менен иш алып барууда төмөндөгүдөй иштөөнүн формалары тандалып алынды:**




Мындай иш –чаранын негизинде жаш адистерге төмөндөгүдөй талаптар коюлду:

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Мугалимдин макамы жөнүндө”мыйзамдарын, о.э. өз ишмердигин, мектептин түзүмүнүн иштөө өзгөчөлүктөрүн жана функционалдык милдеттерин аныктоочу ченем актыларын окуп үйрөнүү;
- Насаатчы менен иштөө планын аткаруу;
- Насаатчы менен бирге иштелип чыккан планга ылайык өз ишмердиги жөнүндө отчет берип туруу;
- Мектептеги тажрыйбалуу мугалимдерден жардам алуу максатында мугалимдердин сабактарына катышуу, өзүлөрүн кызыктырган суроолорго жооп табуу жана окутуунун методдорун үйрөнүү;
- Тажрыйбалуу мугалимдер менен ачык сабактарды өтүүгө даярдануу жана жардам көрсөтүү;
- Мектепте өткөрүлгөн педагогикалык кеңештерге , семинарларга жана усулдук бирикмелердин иштерине катышуу;

**Ал эми жаш мугалимдер менен иштөөдө насаатчы мугалимдерге төмөндөгүдөй талаптар коюлду:**

- Жаш мугалимдердин сабактарына катышуу, методикалык жардам көрсөтүү;
- Жаш мугалимдин ишиндеги жыйынтыктарга педагогикалык баа берүү жана диагностикалык иштерди, мониторингдерди жүргүзүү ;
- Жаш мугалимдердин дидактикалык материалдарды даярдоосуна жардамдашуу жана алардын эстетикалык абалдарына көңүл буруу;
- Жаш адис менен биргеликте анын кесиптик өсүш планын иштеп чыгуу, белгилүү мөөнөткө аткарылуучу конкреттүү тапшырмаларды түзүү жана алардын аткарылышына көзөмөл жургүзүү;

Бул жаш адистер менен насаатчы мугалимдер төмөндөгүдөй иш алып барышты:

- Окуу жылынын башталышы менен КТП пландоого, түзүүгө жардам беришди;
- Мектеп документациясы: класстык журналдарды толтуруу, бааларды туура жана объективдүү коюу боюнча эрежелер менен тааныштырышды;
- Окуутууну уюштуруу формасы жана ыкмасы боюнча консультация беришти;
- Жаш мугалимдин портфолиосу түзүлдү;
- Өзүн-өзү өркүндөтүү темасынын негизинде докладдар даярдалды;
- Жаш мугалимдердин өз ара сабакка катышуу пландары текшерилип, ар бир чейректин аягында аткарылган иштер боюнча анализ берилди

Бул жаш адистердин ичинен 2 мугалим азыркы учурда класс жетекчилик милдеттерин аткарып жатышат. Алар: Аманбекова Э.К-7 Б класстын класс жетекчиси жана Карыкова Г.И-8Б класстын класс жетекчиси.

Жаш адистер бул окуу жылында төмөндөгүдөй көрүнүктүү иштерди аткарышты:

- 9-май –Жеңиш күнүнө карата жаш адистер Күлкөбөнова К.Б жана Досумбаев И.Т. “Эч ким, эч качан унутулбайт” деген темада окуучуларды патриоттуулукка жана мекенчилдикке үндөгөн иш-чара уюштурушту;
- Декада учурунда төмөндөгүдөй ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иштерди өткөрүлштү:
- Мындан сырткары мектептин окуу-тарбия иштери боюнча пландарынын негизинде жаш адистер мектепте өткөрүлгөн ар кандай тематикадагы сүрөт, дил баян, эссе, рефераттар сынактарына окуучуларын активдүү катыштырып атышты;
- 21-март –Нооруз күнүнө карата “Салам сага Санжыралуу Ноорузум” аттуу райондук иш –чарага да жаш адистер мыкты катышышты.

**2020 - 2021 - окуу жылында соц педагогтун жүргүзгөн иштеринин анализи**


2020-2021-окуу жылында окуучулардын патриоттуулук сезимин козгоо, нравалык, укуктук, интеллектуалдык жана психологиялык тарбия алуусун күчөтүү жана өспүрүмдөр арасында укук бузуучулукту, зордук-зомбулукту, талап-тоноочулукту алдын-алуу максатында соц. педагог мектеп администрациясы жана класс жетекчилер менен төмөндөгү улуттук жана мамлекеттик программалардын негизинде иш жүргүзүлдү:

- “Балдардын укугу жөнүндө конвенция”;
- “ВИЧ/ЖИКС (СПИД) эпидемиясынын жана анын социалдык-экономикалык залалдарын алдын алуу”;
- “Кургак учук-IV”;
- “Окуучулардын ден соолугун коргоо”;
- “Баңги заттарын мыйзамсыз түрдө калк арасында таратуу”;
- “Өспүрүмдөр арасындагы укук бузуучулукту жана мектеп рэкетин жоюу”;
- “Гендердик теңдикке жетүү боюнча улуттук план”;
- “Кыргыз Республикасынын жарандарын баңги заттарды жана тамекини колдонуудан сактоо”;
- “Үй бүлөлүк зордук-зомбулукту алдын алуу” сыяктуу программалардын негизинде тарбия иштерин жүргүздүк.

Жалпысынан №35 ЖОББ мектебинде 173 окуучу социалдык жактан коргоого муктаж. Алардын ичинен:

| № | Социалдык абалы | 1-4-класстар | 5-8-класстар | 9-11-класстар | Жалпы саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жетим окуучулардын жалпы саны | - | 1 | 1 | 2 |
| 2 | Майып окуучулардын жалпы саны | - | - | - | - |
| 3 | Жарым жетим окуучулардын жалпы саны | 4 | 4 | 4 | 12 |
| 4 | Көп балалуу үй-бүло□лордогү окуучулардын жалпы саны | 14 | 26 | 9 | 49 |
| 5 | Аз камсыз үй-бүло□лордогү окуучулардын жалпы саны | 4 | 11 | 5 | 20 |
| 6 | Ата-энеси чернобльда болгон окуучулардын саны | - | - | - | - |
| 7 | Ата-энеси афган согушуна катышкан окуучулардын жалпы | - | - | - | - |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | саны | | | | |
| 8 | Турмуш-шарты начар үй-бүлө□дөгү окуучулардын жалпы саны | - | - | - | - |
| 9 | Толук эмес үй-бүл□өдөгү окуучулардын саны | 25 | 25 | 10 | 60 |
| 10 | Тышкы эмгек мигранттарынын балдары | 6 | 3 | 3 | 12 |
| 11 | Хиджаб кийген окуучулардын саны | 2 | 12 | 3 | 17 |
| | **Жалпы саны** | **55** | **82** | **35** | **173** |




Мектептин тарбия иштери боюнча директорунун орун басары менен бирге тарбия иштери боюнча пландын негизинде класс жетекчилер төмөндөгү класстык сааттарды өткөрүштү жана окуучулардын ар тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзүштү:

- “Мен үчүн билимдүү , адептүү , маданияттуу болуу деген эмне”, “Жол эрежелерин сактайлы”- сентябрь айында;
- “Карысы бардын –ырысы бар” , “Өспүрүмдөр арасындагы укук бузуучулукту алдын алуу” – октябрь айында;
- “Майып адамдардын кол тийбестиги”,“ Майып адамдар дагы жакшы билим алууга укуктуу”– ноябрь айында;
- “Тайгак жолдон сак бол”, “Жашоонун сергек мүнөзү”-декабрь айында;

- “Өрт менен ойнобо”, “Балдардын укуктары жана милдеттери”, “Өспүрүмдөр арасындагы укук бузуучулукту алдын алуу” -январь айында;
- “Ата Мекенди коргоо – ыйык милдет”, “Баңгизатсыз жашоо” – февраль айында;
- “Апакеме таазим кылам”, “Акча жана анын мааниси” – март айында;
- “Келечектеги кесибиңди туура танда” (9 – 11 - кл. ), “Балдарга экологиялык тарбия берүү жана аларды эмгектенүүгө үйрөтүү”, – апрель айында;
- “Аталардын эрдиги менен сыймыктанам”, “Эне сага кандай мактоо жарашат, эне сенден ким сыймыкты талашат” – ж.б.у.с. окуучуларды ары интеллектуалдыкка, ары нравалуулукка үндөгөн темаларда класстык сааттар өткөрүлүп, эң жакшы иштелмелер негизги класстык сааттардын портфолиосуна киргизилди.Класстык сааттарды өткөрүүдө өзгөчө: Акунова Ж.А. (1 - а кл.), Айдакеева Г.М. (9 - Б кл.) жана Бактыбекова К.Б. (5 – а кл) класстык сааттарды өткөрүү чеберчиликтерин баса белгилегим келет. Анткени, бул класс жетекчилер класстык сааттарды жогорку деңгээлде өткөрүштү. Алар окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө , билим деңгээлине, психологиясына ылайыктуу материалдарды туура тандап алышкан жана окуучулардын көңүл буруусуна жараша көрсөтмө куралдарын колдонушкан.

Жыл бою мектебибизде өспүрүмдөр арасындагы укук бузуучулукту, талап-тоноочулукту, жол эрежелерин сактоо, окуучуларды жашоонун сергек мүнөзүн сактоого үндөгөн төмөндөгүдөй декадалар жана айлыктар өткөрүлдү:

1. “Жол кырсыгын алдын-алуу” айлыгы – сентябрь айында;
2. “Өспүрүмдөр арасында укук бузуучулукту, баңги заттарын жана алкоголдук ичимдиктерди жоюу” айлыгы – 5-октябрдан 30 октябрга чейин;
3. Майыптар күнүнө карата “Биз биргебиз” айлыгы – ноябрь- декабрь айларында;
4. “Аскердик- патриоттуулукка тарбиялоо” айлыгы – февраль айында;
5. “Баңгизатсыз жашоо” декадасы – 8-18 февраль;
6. “Жол коопсуздугу” айлыгы – май айында;

Аталган иш-чараларга мугалимдер жана окуучулар активдүү катышышып, бул айлыктардын алкагында маалымат стенддери даярдалды, дил баяндар, рефераттар, сүрөттөр, дубал газеталар сынактары өткөрүлүп, сынактарга катышышкан окуучулар грамоталар жана белектер менен сыйланышты.

Каттоодо турган жана тартиби жаман, мектеп уставын сактабаган окуучулар менен байма-бай психолог жана өспүрүмдөрдүн иштери боюнча инспектор аңгемелешүүлөрдү, анкетирлөө жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Ай сайын график боюнча рейддер жүргүзүлүп, актылар түзүлдү. Мындан сырткары каттоодо турган окуучулардын үйүнө дагы бир нече жолу рейд жүргүзүлүп, окуучулардын жашоо шарттары менен таанышышып, актылар түзүлүп, “Каттоодо турган окуучулар менен жекече иш алып баруу” журналына тиркелди.

Соц.педагогдун аткарган иштерин анализдөө менен бирге кийинки окуу жылында өзгөчө төмөндөгү маселелерге көбүрөөк көңүл бурууга аракеттенем:

1. Каттоодо турган окуучулар менен жекече иштөөнү күчөтүүгө;
2.Социалдык жактан жардамга муктаж бардык окуучулар менен психологдун жардамынын негизинде жекече иш алып барууга;

3. Ата-энелердин чогулуштарында "Балдардын укуктарын коргоо" маселесин кароого;
4. Класс жетекчилер үчүн балдардын укуктары жана милдеттери, өспүрүмдөр арасындагы укук бузуучулук деген темаларда семинар, тренингдерди жана окуучулар арасында укуктук билимдерин жогорулатуу темаларында иш жүргүзүүгө көбүрөөк көңүл бурам.

Быйылкы окуу жылында жүргүзүлгөн иштерди анализдөө менен кийинки 2021-2022 - окуу жылына карата төмөндөгү маселелерге көбүрөөк көңүл бурууга аракеттенебиз:

1) Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында мугалимдердин профессионалдык квалификациясын жогорулатуу;
2) Окуу-тарбия иштерин жүргүзүүдө окутуунун жаңы методдорун колдонуу;
3)Педагогикалык иште керек болгон практикалык көндүмдөрдү калыптандырууга;
4)Сабак учурунда жаны технологияларды жана ыкмаларды колдонуу аркылуу окуучулардын ишмердүүлүгүн жогорулатууга;
5)Сабак учурунда окуучулардын интеллектуалдык жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө;

6)Окуучулардын нравалык жана укуктук тарбия алуусуна шарт түзүүгө;
7)Окуучулардын интеллектуалдык жана психологиялык тарбия алуусун жөнгө салууга;

8)Окуучуларды жаратылышты коргоого жана эмгекке үйрөтүүгө;
9)Окуучулар арасында өзүн-өзү башкаруу системасын активдештирүүгө;
10)Класс жетекчилердин ишине өзгөчө көңүл бурууга;
11)Жүрүм-туруму начар, сабакты көп калтырган жана сабакка көп кечиккен окуучулар менен жекече жана психолог менен биргеликте иш алып барууга көңүл бурам.

12)Каттоодо турган окуучулар менен алгылыктуу жана системалуу иш алып барып, каттоодо турган окуучулардын санын азайтууга;
13)Жаш адистердин өзүн-өзү өнүктүрүү темасынын негизинде сабак учурунда ар түрдүү методдорду колдоно алуусуна көңүл буруууга;
14)Сабак учурунда окуучулардын интеллектуалдык жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү

15)Жаш мугалимдин иш ордунда профессионалдык жана психологиялык адаптация алышына көбүрөөк көңүл бурмакчыбыз.

**№35 ЖОББМ директору** **Майрыкова Ж.Ш.**